УДК 81.13:811.1/.8
DOI 10.58649/1694-8033-2024-4(120)-7-10

**БАЙЧУКЕЕВА Л.С [1]., РАИМБАЕВА С.Б [2] ., МУРАТБЕКОВА К.М.**
Ж. Баласагына атындагы КУУ
**БАЙЧУКЕЕВА Л.С., РАЙЫМБАЕВА С.Б., МУРАТБЕКОВА К.М.**
КНУ имени Ж. Баласагына
**BAICHUKEEVA L.S., RAIYMBAEVA S.B., MURATBEKOVA K.M.**
KNU named after J. Balasagyn

ORCID: 0009-0006-5531-9651 [1]
ORCID: 0009-0003-0456-4161 [2]

# ЧЕТ ТИЛИН ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МААНИЛҮҮЛҮГҮ: ТЕОРИЯСЫ ЖАНА ПРАКТИКАСЫ

## ВАЖНОСТЬ ОВЛАДЕНИЯ ИНОСТРАННЫМ ЯЗЫКОМ: ТЕОРИЯ И ПРАКТИКА

## THE IMPORTANCE OF MASTERING FOREIGN LANGUAGES: THEORY AND PRACTICE

**Кыскача мүнөздөмө:** Азыркы күндө чет тилдерди өздөштүрүү абдан актуалдуу. Чет тилдерди өздөштүрүү, тагыраак айтканда, маалымат, коммуникация жана жогорку технологиялар заманында чет тилин билүү заманбап, ийгиликтүү адамдын аспектилеринин эң маанилүү компоненттеринин бири болуп калды жана эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болууну жана карьерасында каалаган бийиктиктерге жетүүнү каалагандар үчүн чет тилин өздөштүрүү абдан маанилүү. Макалада азыркы коомдо чет тилин өздөштүрүүнүн маанилүүлүгүнө терең изилдөө жүргүзүлдү. Ошондой эле,тил илиминин коомдогу ар кандай ролу, чет тилин өздөштүрүүгө түрткү болгон ар кандай факторлор боюнча чет элдик окумуштуулардын баалуу ойлору каралды.

**Аннотация:** В наши дни освоение иностранных языков очень актуально. В эпоху овладения иностранными языками, а точнее, информацией, коммуникациями и высокими технологиями, владение иностранным языком стало одним из важнейших компонентов современного успешного человека; и для тех, кто хочет быть востребованным на рынке труда и достичь желаемых высот в своей карьере, владение иностранным языком очень важно. В статье представлено углубленное исследование важности владения иностранным языком в современном обществе. Рассмотрены ценные высказывания иностранных ученых относительно различных ролей лингвистики в обществе, различных факторов, способствующих овладению иностранным языком.

**Abstract:** Nowadays, learning foreign languages is very important. In the era of mastering foreign languages, or rather, information, communications and high technologies, foreign language proficiency has become one of the most important components of the aspects of a modern successful person, and for those who want to be in demand in the labor market and achieve the desired heights in their career, foreign language proficiency is very important. The article conducted an in-depth study of the importance of foreign language proficiency in modern society. Valuable considerations of foreign scientists regarding the various roles of linguistics in society, various factors contributing to the mastery of a foreign language were also considered.

**Негизги сөздөр:** чет тилин өздөштүрүү; коомдук баалуулук; маданий мурас; Конвенция; декларация; түрткү.

**Ключевое слово:** владение иностранным языком; общественная ценность; культурное наследие; Конвенция; декларация; мотивация.

**Keywords:** foreign language proficiency; social value; cultural heritage; Convention; declaration; motivation.

Азыркы заманбап дүйнөдө чет тилин өздөштүрүү – заманбап, ийгиликтүү адамдын жашоосундагы абдан маанилүү компоненттердин бири. Чет тилин өздөштүрө билүү бул жөн гана каалоо эмес, бул адам жашоосундагы зарылчылыктардын бир бөлүгү. Бүгүнкү күндө чет тилин өздөштүргүсү келген инсандардын саны күндөн-күнгө өсүүдө, себеби чет тилин өздөштүрүп сүйлөй алган инсанга бул билим жаңы мүмкүнчүлүктөрдү бере алат жана ошондой эле руханий дүйнөсүн байытат. Идеалдуу инсандын жашоосунда билимдүү, амбицияга бай инсан бир нече чет тилди билүүсү жана ал тилди ар дайым үзгүлтүксүз колдонуп, өркүндөтүп туруусу керек, себеби чет тилин өздөштүрүү жана ар дайым практикада колдонуу бул кызыктуу процесстердин бири. Бул чыгармачыл, көңүлдүү иш-аракет дүйнөгө болгон көз караштьı өнүктүрөт, логикалык ой жүгүртүүнү жана ойлонгон ойду кыска жана так билдирүүнү өнүктүрөт. Тилдин коомдогу ар турдүү ролу, мисалы төмөнкү расмий документтерде чагылдырылган:

I. 2001-жылындагы ЮНЕСКОнун ар түрдүү маданий иш чараларынын жалпы декларациясы. Бул декларациянын негизги максаты төмөнкү багытталган чаралар боюнча ЮНЕСКОго мүчө болгон мамлекеттерди тийиштүү чараларды кабыл алууга чакырат:

*адамзаттын тилдик мурасын сактоого жана өзүн көрсөтүүдө көмөк көрсөтүүгө, чыгармачыл идеяларды мүмкүн болушунча көп тилде жайылтууга;

*эне тилин унутпоо, урматтоо жана сактоо менен мүмкүн болушунча жаш кезинен тартып, ошондой эле билим берүүнүн бардык деңгээлинде чет тилдин көп түрүн үйрөнүүгө;

* кибермейкиндикте тилдик көп түрдүүлүктү кеңейтүү, ошондой эле алдыга умтулууга көмөктөшкөн ар бир коомдук маселе, маалыматка глобалдык тармактар аркылуу маалымат алууга.

II. 2003-жылында өткөн материалдык эмес маданий мурастарды коргоо жөнүндө жыйын. Жыйын материалдык эмес маданий мурас тилдин маанилүү ролун билдирүү жана берүү каражаты катары тааныйт. Күнүмдүк жашоодо колдонулган жана муундан-муунга өтүп жаткан материалдык эмес мурастын бардык түрү, бүткүл ааламдын үрп-адаттары жана ырым-жырымдары, аткаруучулук искусствонун билимден чеберчиликке чейинкиси, салттуу кол өнөрчүлүктүн баары – тилге көз каранды. Ал эми оозеки тил жаатында болсо каада-салттардында жана сөз формаларында тил материалдык эмес мурас гана болбостон, анын негизин дагы түзө алат.

III. 2005-жылында өткөн чөйрөнү коргоо, ар түрдүү маданият жаатын өнүктүрүү жана өзүн-өзү көрсөтүү тууралуу жыйын. Жыйындын биринчи бөлүгүндө тилдин ар түрдүүлүгү ар түрдүү маданияттын негизги элементи болуп саналат. Жыйында чөйрөнү коргоого жана өнүктүрүүгө багытталган ар түрдүү иш-чаралар темасына кайрылуулар, катышуучу өлкөлөр кабыл алууга чакырылган маданий экспрессиялар, товар алмашуу жана кызмат алмашуу тууралуу жоболор, ошондой эле тилге тиешелүү жоболорду кабыл алуу каралган. Ал эми XVIII кылымда эле Француз философу Ф. Вольтер "көп тилди билүү – бул бир кулпуну көп ачкыч менен ача алуу" деген накыл сөздөрүн айтып өткөн. Улуу немис ойчулу И. Гете тилдердин өз ара байланышын белгилеп: "ким чет тилдерди билбесе, ал өз эне тилинде көп кырдуу ойлоно албайт" деген оюн калтырган. Чет тилин өздөштүрүүдө керек болгон баалуу ойлорду инсанды, анын акылын калыптандырууда тилдин ролун баса белгилеген, адеп-ахлактуулуктун руханий баалуугунун өнүктүрө алган чет элдик жана ата мекендик: Ф. Энгельс, К. Маркс, М.В. Ломоносов, Д.И. Писарев, К. Ушинский, Н.К. Крупская, М.И. Калинин, В.А. Сухомлинский, Л.С. Выготский, Л.В. Щерба, И.Л. Бим, И.А. Зимняя, Н.Д. Гальскова жана башка мугалимдер жана улуу

ойчулдар айтып, калтырып өткөн сөздөрүнөн таба алабыз. Бул болсо инсанды өнүктүрүүдө чечилген жана аныкталган роль менен каралган чет тилинде, биринчи кезекте, инсандын ой жүгүртүү жөндөмү өйдө болуусу абзел. Чет тилин билген инсанда өз же бөтөн элдин басып өткөн жолун, тарыхын, ал элдин азыркы учурда балын жана ал элдин келечектеги жашоосунун кандай болоорун билип үйрөнүүгө өбөлгө түзүлөт, дүйнөнүн шедеврлерин баалоого жардам берет жана ошондой эле катышуучунун филологиялык даярдыгын кеңейтүүгө көпүрө боло алат [1].

Чет тили объективдүү түрдө коомдук баалуулук болуп саналат, ошондуктан чет тилин жогорку билим берүү программасына киргизүү-коомдун социалдык тапшырыгы деп атасак да болот. Чет тилин инсан коомдон тышкары өзүнчө карабай, өзүнө экинчи эне тил деп карап баалоого тийиш. Ал жашоонун бардык тармактары менен тыгыз байланышта. Анткени тил өлкөнүн менталитетин, маданиятын ар дайым чагылдырып турат. Мисалы: экономикада, саясатта, маданият жана өнөр чөлкөмүндө, билим берүүдө, аскердик чөйрөдө ж. б., көптөгөн коомдук тармактарда [2].

Анткен менен чет тилин өздөштүрүү сыртынан көрүнгөндөй оңой олтоң иш эмес. Чет тилин өздөштүрүү узак жана татаал процесс, ал узун убакытты жана күчтү талап кылат. Чет тилин өздөштүрүш үчүн ар тараптан мотивацияны күчөтүү абзел. Анын ичинен практикага көбүрөөк көңүл буруп, ар тараптан практикалоо зарыл. Анткени бизге чейин көптөгөн улуу ойчулдар тил өздөштүрүүдө теориядан дагы практика көбүрөөк маанилүү экенин бир канча жолу айтып өтүшкөн. Ал эми экинчилери интеллектуалдык мүнөздү алып жүрүүчүлөр. Үчүнчүлөрү сентименталдуу сезилиши мүмкүн. Кийинки бөлүктө чет тилдерди өздөштүрүүгө түрткү болгон факторлор карайлы [3].

1. Жумуш жаатында – чет тилинде сүйлөй билүү келечекте перспективдүү жумушка орношууга, ар түрдүү кызматка көтөрүлүүгө, башка перспективдүү кооз өлкөлөргө командировкага барууга, ар кандай пайдалуу контракттарды түзүүгө, сатуу жаатында максималдуу бийиктикке чыгууга жардамчы боло алат. Биз каалаган ар түрдүү тармакта: билим берүүдө, өнөр жайда, коммерцияда, эл аралык туризмде, компьютердик технологияларда жана башка тармактарда чет тилдерде сүйлөй билүү алда канча пайдалуу. Илим-билим жаатында - чет тилин билүү менен ар кандай чет элдик булактардан алынган пайдалуу маалымат табууга, кененирээк билимге ээ болууга болот.

2. Илим-билим жаатында - чет тилин билүү менен башка бир өлкөнүн булактарынан алынган пайдалуу маалыматтарды табууга болот жана терең билимге ээ болууга мүмкүнчүлүк ала аласың. Азыркы учурда чет өлкөлөр менен байланыштар кеңейип тыгыз байланыштар түзүлүп жаткандыгына байланыштуу илим-билим жаатын интернационалдаштыруу өзгөчө мааниге ээ. Мындай бийик деңгээлдеги байланышты, эл аралык маалыматты, анын нормалдуу иштешине чет тилди мыкты билген, чет тилди тез өздөштүрө алган өз эне тилинде жана илимий иште колдоно алган адистер талашсыз актуалдуу тепкичте турат. Чет тилди өздөштүрүү коомдун социалдык тапшырыгы жана натыйжалуу иштөөнүн, илимий, илимий-техникалык интеллигенциянын зарыл шарты болуп калды.

3. Окуу жаатында – Кыргыз Республикасынын бирдиктүү билим берүү мейкиндигине кириши, кыргыз жарандарынын чет өлкөдө окуу үчүн жаңы ар кандай перспективалар ачылууда. Кандайдыр бир өлкөдө окусаң, ал өлкөнүн маданиятын, адабиятын, көркөм тасмаларын, телекөрсөтүүлөрүн, музыкаларын билип, үйрөнүп, уга аласың. Ал үчүн ал өлкөнүн тилин билсең жетиштүү болот.

4. Эмиграция-чет тилин билүү менен жергиликтүү коомго ыңгайлашуу жана интеграциялоо процесси оңой жана тезирээк өтөт.

5. Саякат жаатында – ар өлкөнүн аралыктарында азыр мурункудай тоскоолдук, кыйынчылыктар жок. Азыр бардык өлкөнүн адамдары биргеликте баарлашат жана саякатташат. Азыркы учурда жадакалса чет тилин минималдуу билген инсан чет өлкөдө эркин жүрө алат, себеби ал төмөнөгүдөй элементардуу сөздөрдү билет: тамак-аш жана

билет сатып ала турган жөнөкөй сүйлөмдөрдү ал тилде сүйлөй алат, өзүнө керектүү жерге жете алат жана жаңы адамдар менен оңой эле баарлаша алат.

6. Дин жаатында – миссионерлер жана ар түрдүү диний адамдар өз динин чет өлкөлүктөргө үгүттөө, таркатуу максатында чет тилин өздөштүрүшөт. Белгилей кетсек, миссионердик уюмдар көптөгөн тилдерди сактоодо, ошондой эле алардын жазуу түзүлүштөрүн түзүүдө маанилүү роль ойногон.

7. Жеке мотивдер жаатында – эл аралык нике жаатында (чет тилин билүү менен баарлашуу жеңилдейт), негиздерге кайтуу жаатында (мисалы, салтты сактоо үчүн, тилди сактоо үчүн, үй-бүлөөнү сактоо үчүн жаш балдарга жаштайынан тил үйрөтүү), достор жаатында (тилди билүү баарлашууну жеңилдетет, ой жүгүртүүдө жакшыраак түшүнүүгө жардам берет,), хобби жаатында (балким сизге чет тилде ырдалган үн жагат, аны тил билүү менен эркин ал ыр кантип жазылган же кантип ырдалган биле аласыз; андан толук ырахат ала аласыз).

**Колдонулган адабияттар**

1. Андреева Е.М. Инновации в образовании // Инновационные процессы в сфере образования и проблемы повышения качества подготовки специалистов: материалы междунар. науч.-практ. конф. – Ижевск: Удм. гос. ун-т. Т. 1., 2005, с. 13-18.

2. Воробьева А.С. Значение изучения иностранного языка в эпоху глобализации // Социально-экономическое положение России в новых геополитических и финансово-экономических условиях: реалии и перспективы развития. – СПб.: Институт бизнеса и права, 2008.

3. Балезин Д. Зачем изучать иностранные языки? 2007. – Режим доступа: http://www.yourfreedom.ru/zachem-izuchatinostrannye-yazyki/ (дата обращения: 29.11.